УДК 37.012
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-235-241

**Турсункулова Салтанат**
И.Арабаев атындагы КМУ, аспирант
**Турсункулова Салтанат**
КГУ им. И. Арабаева, аспирант
**Tursunkulova Saltanat**
Kyrgyz State University named after I. Arabaev, graduate student

# МУЗЕЙ ШАРТЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ПАТРИОТТУУЛУГУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУ ДОЛБООРЛОО
# ПРОЕКТИРОВАНИЕ ФОРМИРОВАНИЯ ПАТРИОТИЗМА УЧАЩИХСЯ В УСЛОВИЯХ МУЗЕЯ
# DESIGNING THE FORMATION OF STUDENTS' PATRIOTISM IN A MUSEUM

**Аннотация:** Макалада педагогикалык долбоорлоонун жалпы теориялык позициялары, принциптери, методдору педагогикалык дизайндын принциптери, методдору каралды. Иштелип чыккан музей ишмердүүлүгүнүн процессинде окуучулардын патриоттуулугун калыптандыруунун уюштуруучу модели биринчиден, патриоттук тарбиялоо милдеттерин чечүүдө музейдин педагогикалык потенциалын эске алган. Аталган потенциал так педагогикалык каражаттарды, музейдик иштин негизги багыттарын жана формаларын түзөт.

**Аннотация:** В статье рассмотрены общетеоретические положения, принципы, методы педагогического проектирования, принципы и методы педагогического проектирования. Разработанная организационная модель формирования патриотизма учащихся в процессе музейной деятельности, прежде всего, учитывала педагогический потенциал музея в решении задачи патриотического воспитания. Названный потенциал составляет четкий педагогический инструмент, основные направления и формы музейной работы.

**Annotation:** The article deals with general theoretical provisions, principles, methods of pedagogical design, principles and methods of pedagogical design. The developed organizational model for the formation of students' patriotism in the process of museum activities, first of all, took into account the pedagogical potential of the museum in solving the problem of patriotic education. The named potential is a clear pedagogical tool, the main directions and forms of museum work.

**Негизги сөздөр:** патриотизм, патриоттук билим, патриоттук тарбия берүү, долбоорлоо, долбоорлоо технологиясы, музей шарты, пландаштыруу, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн уюштуруу.

**Ключевые слова:** патриотизм, патриотическое знание, патриотическое воспитание, проектирование, технология проектирования, условие музея, планирование, организация научно-исследовательской деятельности.

**Key words:** patriotism, patriotic knowledge, patriotic education, design, design technology, museum conditions, planning, organization of research activities.

Өз кезегинде патриотизмди калыптандыруунун долбоору мектептеги билим берүү (окуу-тарбиялык) процессинин негизги бөлүгү болуу менен, патриоттук тарбия берүү процессинин контекстинде биз тараптан каралат. Ушуга байланыштуу педагогикалык

долбоорлоонун жалпы теориялык позицияларын, принциптерин, методдорун педагогикалык дизайндын принциптерин, методдорун кароо ылыйыктуу.

Педагогикалык системаларды, процесстерди, абалдарды долбоорлоо маселелери В.С.Безрукова, Н.М.Борытко, Э.Н.Гусинский, А.Н.Дахин, А.Н.Кузибецкий, Н.В.Кузьмина, В.М.Монахов, В.А.Сластенин, А.И.Щербаков ж.б. эмгектеринде чагылдырылган.

«Долбоор» сөзү бир нече мааниде каралып алардын дээрлик бардыгы педагогика менен байланыштуу. Биринчиден, долбоор кандайдыр бир документтин алдын ала тексти. Экинчиден, долбоор кандайдыр бир акция, бир программага бириккен же максаттуу багыттагы ишмердүүлүктүн уюштуруучулук формасы менен биргелешкен иш-чаралар топтомун түшүндүрөт. Мындай долбоорлордогу адистердин ишин долбоорлоо деп атабайт. Мындай мааниде окутууда «долбоор окуучулардын изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүнүн формасы катарында» колдонулат. Долбоордун үчүнчү мааниси – кандайдыр бир системаны, объектти же моделди (иштеп чыгуу, пландаштыруу, конструкциялоо) түзүү боюнча ишмердүүлүк. Долбоор менен конструкциялоону алсак, алардын айырмасы салыштырмалуу мүнөзгө ээ. Ошондой болсо да, айырмачылыгы долбоор теориялык (кагазда же компьютерде) да болушу мүмкүн, ал эми конструкциялоо долбоордук ишмердүүлүктү материалдыкка (реалдуу) айландырууну божомолдойт.

А.Н. Дахиндин (2004) айтуусу боюнча, «Долбоорлоо пландаштырылган (келечектеги) процесстердин жана кубулуштардын моделдерин түзүүгө багытталган. Долбоорлоо ишмердүүлүгүнүн компоненттери катары конкреттүү моделдер же модулдар (элементтердин топтомун бириктирген функционалдык түйүндөр, мисалы, билим берүү системасы) болушу мүмкүн» [4, 71-б.].

Н.В. Кузминанын ою боюнча долбоорлоо ишмердүүлүгүнүн мазмуну төмөнкү структуралык компоненттерден турат: келечектеги иш-аракеттердин мазмунун прогноздоо; мугалимдердин иш-аракеттеринин тартиби, системасы, окуучулардын иш-аракеттеринин тартиби, системасы. В.А. Сластениндин көз карашы боюнча (1997) педагогикадагы долбоордук ишмердүүлүк үч тарапты камтыйт: биринчи – конструктивдик-мазмундук (педагогикалык процессти түзүү, пландаштыруу, материалды тандоо жана композициялык жактан уюштуруу); экинчи – конструктивдик-оперативдик (мугалимдин жана окуучулардын ишмердүүлүгүн пландаштыруу); үчүнчүсү – конструктивдик-материалдык (педагогикалык процесстин окуу-материалдык базасын долбоорлоо) [7, 30 б.].

В.С. Безрукова (1991) «Долбоорлоо – демек, педагогикалык процесс аркылуу инсанды өнүктүрүү долбоорун түзүү, тоскоол кылган факторлорду жок кылуу, керектүү шарттарды түзүү» - деп белгилеген [2, 17 б.].

Долбоорлоо технологиясында берилген талаптарды жүзөгө ашыруу төмөнкү аракеттерди божомолдойт: долбоорлоонун объектилерин компоненттик талдоосу, система түзүүчү факторду (компонент) тандоо; долбоорлоонун мейкиндик-мөөнөттүк негиздерин аныктоо; анын иретин, логикасын негиздөө.

Изилдөөбүздүн аспектинде анализдөөнү талап кылган долбоорлоонун объекттери катары музей шартында патриотизмди калыптандыруу процесси жана системасы эсептелинет.

Окуучулардын патриотизмин калыптандыруу процессинин компоненттери болуп максат жана милдеттер, принциптер, мазмун, методдор, ыкмалар, каражаттар, формалар саналат. Ошондой эле, педагогикалык долбоорлоо максатка ылайык компоненттер менен элементтерди тандоону, алардын ортосундагы патриотизмдин калыптанышына багытталган мамилелер менен байланыштарды аныктоо болуп саналат.

Л.А. Филимонюк (2002) белгилегендей долбоорлоодогу эң кеңири таралган каталарга максат менен милдеттердин так коюлбагандыгы, тышкы шарттарды, факторлорду эске алуунун жетишсиздиги, билим берүү мекемелеринин мугалимдеринин мүмкүнчүлүктөрүн туура эмес баалоо, окуучулардын баалуулук багыттуулугун диагноздоонун алсыздыгы, контролдун формалдуу болушу, ишмердүүлүктүн үлгүлөрүнүн жоктугу, мугалимдердин максаттуу идеясын ишке ашырууда мотивациянын начар болушу кирет [9, 68 б.].

Патриотизмди калыптандыруу процессин долбоорлоонун өзү патриоттук багыт жөнүндө билимди изилдөө жана түшүнүү менен байланыштуу болот.

Патриотизмди калыптандыруу процесси жана системасы маалыматтык-когнитивдик, социалдык-ролдук, жүрүм-турумдук компоненттерди камтышы керек. Маалыматтык-когнитивдик компонент – түшүнүктөргө ээ болуу, идеяларды, нормаларды, каада-салттарды билүүгө негизделет. Социалдык-ролдук компонент – билимдин өздөштүрүп жаткан тармагы менен байланышкан коомдук жана инсандар аралык мамилелердин структурасындагы ролдук позицияларды өздөштүрүүгө негизделет. Мындай программалар адам үчүн абдан маанилүү, кандайдыр бир социалдык-ролдук позицияларда чечим кабыл алуу үчүн керектүү билгичтиктерди бөлөт. Изилденип жаткан мазмун ошону менен бирге, позицияларды жана мамилелерди өздөштүрүү үчүн каражат катары иштейт. Жүрүм-турум компоненти – имитациялык моделдештирүү, көйгөйлүү абалдарда чечимди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү катары сүрөттөлгөн максаттуу милдеттер болуп эсептелинет.

Патриоттук тарбия берүүнү уюштурганда, долбоорлоодо уюуштуруучу-методикалык комплекс (программалар, сунуштар, иштелмелер пакети) аркылуу тарбия берүү процессине камсыздоо стратегиясын берген, бардык деңгээлдеги (республикалык, облустук, жергиликтүү) билим берүү стандарттарына таянуу маанилүү. Музей окуу процесси менен өз ара аракеттешүү жана таянуу менен бүтүн система катары патриоттук тарбия берүүнүн бардык компоненттеринин ишке ашуусун камсыз кылууга тийиш.

Н.М.Борытко жана А.Н.Кузибецкийдин пикири боюнча мындай бирдиктүү программанын стратегиялык максаттары окуучулардын социалдык ролдорду өздөштүрүүсү үчүн шарттарды түзүүдөн турат. Изилдөөбүздүн контекстинде мындай социалдык ролдорго, биринчиден, «патриот», «жаран» сыяктуу түшүнүктөрдү киргизүү керек. Мунун негизинде белгилүү мазмундук багыттагы базалык билимдердин жана өзгөрүүлөрдүн калыптануусу жүрөт. Социалдык ролдорду окуучуларга ролдук позицияларды өздөштүрүүгө, социалдык мамилелерге кошулууга жардам берүү үчүн долбоорлоп жана констатациялашат.

Натыйжада, социалдык-ролдук компонент долбоорлоп жаткан программада система түзүүчү ролду ойнойт. Долбоорлоонун ачыкталган теориялык негиздери музей шартында патриотизмди калыптандыруу процессинин компоненттерин долбоорлоодо толук технологиялык циклди ишке ашырууга мүмкүндүк берди.

Демек, бул процессти долбоорлоо бир эле учурда окуучулардын патриоттуулугун калыптандыруунун концепциясынын ролун аткарган.

Төмөндө анын негизги жоболору берилген.

Патриоттуулукту калыптандыруу процессинин мазмуну тарбия берүүнүн негизги каражаттары болгон ишмердүүлүк, баарлашуу, мамиле аркылуу ишке ашырылышы керек.

Г.К. Селевко жана А.Г. Селевконун (2002) пикирлери боюнча патриоттук жактан тарбия берүүнүн негизги багыттары болуп жергиликтүү жана жарандык, аскердик-патриоттук саналат. Алар патриоттук жактан тарбия берүүнүн маңыздуу өзөгүн аныктайт. Окумуштуулардын айтуусу боюнча: «Жарандык-патриоттук билим жана тарбия берүү – өсүп

келе жаткан муундарды өз өлкөсүнүн толук укуктуу жарандары катары аң-сезимдүү ишмердүүлүккө даярдоо; алардын жогорку мыйзамдын идеяларын, укуктун түшүнүктөрүн өздөштүрүү; өз укугун жана сый катары башка адамдардын да укуктарын билүү жана аны колдонуу билгичтиги, коргоо; жарандык активдүүлүк; өзүнүн иш-аракеттери үчүн жоопкерчилик; башкалардын ой-пикирлерине сабырдуу мамиле кылуу, улуттук жана диний сабырсыздыкты четке кагуу; ким тарабынан болбосун, мыйзамды бузууга, коррупциянын жана башка социалдык патологиялардын болуусуна карата мүмкүн болбогон позиция [8, 106-107-б.].

Жаш муундар үчүн баалуулук багыт катары Кыргызстанда жарандык коом жана укуктук мамлекетти түзүү болушу керек. Муну менен бирге, кыргыз коомунун бүтүндүгүнө жетүү милдеттүү шарт болуусу керек. Заманбап патриоттук тарбия берүүнүн өзгөчөлүгү аймактык жана жергиликтүү компоненттердин өсүп жаткандыгында. Бул берилген аймактын коомдук бирикмелеринде жана уюмдарда, мектепте, үй-бүлөдө гана патриоттук тарбия берүүнүн өзгөчөлүгү чагылдырылган регионалдык жана жергиликтүү (шаардык, райондук, мектеп ж.б.) программаларын түзүүдөн көрүнөт.

Патриоттуулукту калыптандыруунун андан аркы процессинин натыйжалуулугу көз каранды болгон моделди иштеп чыгуунун жана долбоорлоонун эң маанилүү баскычы болгон максат коюуда турат. Бул учурда натыйжалуулук катары окуучулардын социалдык маанилүү дидактикалык максаттарга жетүү деңгээлин, жарандык компетенттүүлүктүн калыптанышын түшүнүү керек.

Максат коюу өзүнө иш-аракеттерди аткаруу ыкмаларын көрө билүү, пландаштыруу элементтерин камтыйт. В.В.Гусев жана Н.Ф.Маслованын (1996) аныктамасы боюнча: «Максат – бул ар түрдүү акттардын жана операциялардын системдик ирettүүлүгүн жана мүнөзүн аныктоочу, иш-аракеттин долбоору. Максат адамдын ар кандай иш-аракеттерин кандайдыр бир иретке же системага интеграциялоонун ыкмасы катары чыгат» [3, 131-б.].

Патриоттуулукту калыптандыруу процессиндеги мугалимдердин ишмердүүлүгүнүн максаты окуучулардын ишмердүүлүгүнүн максаты менен айкалышы, макулдашылышы, салыштырылышы керек. Бул өз ара аракеттешүүгө алып келет.

Музей шартында колдонулган педагогикалык технологиялардын борборунда мугалим менен окуучулардын ортосундагы мамилелер системасы турушу керек. Бул мамилелер маданият, баалуулуктар, маалыматтык материал, ишмердүүлүктүн мүнөзү аркылуу берилет (проектируется). Билим берүү технологиясына карата негизги талаптар:

– мугалимдин окуучуну позитивдүү кабыл алуусу;
– мажбурлоосуз жана зомбулуксуз тарбиялоо;
– өзүнө инсан катары мамиле кылуу;
– эркиндик жана чыгармачылык;
– тарбиялоочу кырдаалдар;
– долбоордук ишмердүүлүк.

Патриоттуулукту калыптандыруу боюнча музей ишиндеги ыкмалар, методдор системасы окуучуну өз позициясын баалоого, түшүнүүгө, сезүүгө чыгарышы керек.

Методдор, ыкмалар: түшүнүү, ачылуу, колдоо, көңүл буруу, кам көрүү, кеңеш берүү, кабыл алуу, боор оруу, демилге берүү.

Г.К.Селевко жана А.Г.Селевко патриоттук тарбия берүүнүн оптималдуу каражаттарын тандоодо (2002) аны ишке ашыруунун эффективдүү жолдорун белгилешет. Алар:

« – гуманитардык билим берүүнүн жаңыланган мазмунун (биринчиден тарыхый) колдонуу,

–улуттук мектептин принциптери боюнча билим берүү мекемесинин моделин түзүү;
– туристтик-жер таануу программаларын ишке ашыруу, издөө иштерин активдештирүү» [8, 108 б.].

Музей шартында патриоттуулукту калыптандыруу процессин башкаруу төмөнкү маселелерди чечүүгө таянган:
– музей ишмердүүлүгүн башкаруунун эффективдүү системасын түзүү;
– пландаштыруу, ишке ашыруу жана натыйжа чыгаруу этаптарында патриоттук жактан тарбия берүү боюнча билим-тарбиялык ишмердүүлүктүн системдүүлүгүн камсыздоо;
– музей ишинин системасында окуучулардын өзүн өзү башкаруусунун өнүгүүсү;
– патриоттук жактан тарбия берүү боюнча ишмердүүлүктү иштеп чыгууда жана ишке ашырууда предмет-мугалимдеринин жана класс жетекчилердин өз ара аракеттешүүсүн камсыздоо.

Музей шартында патриоттук тарбия берүүнү илимий жана окуу-методикалык жактан камсыздоо төмөнкүлөрдү камтыйт:
– окуучуларга патриоттук тарбия берүү көйгөйлөрү боюнча илимий изилдөөлөрдү жалпылоо, алардын натыйжаларын мектеп билим берүү системасында жайылтуу;
– патриоттук тарбия берүү боюнча музей ишинин окуу-методикалык коштоосун иштеп чыгуу, анын ичинде музей шартында биргелешкен сабактардын жана тарбиялык иш-чаралардын иштелмелери, музейдин негизинде окуучулардын издөө, долбоордук, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча сунуштар ж.б.

Окутуу жана тарбиялоо биримдиги, системдүүлүк, бүтүндүк принциптерин ишке ашыруу муктаждыгы, тарбия ишмердүүлүгүнүн методдорун жана формаларын колдонуу компоненттерин деталдуу иштеп чыгууну, окуучунун инсандыгын изилдөө натыйжаларын, педагогикалык мониторингди, педагогикалык менеджментти эске алуу сыяктуу факторлордун артынан анын эффективдүүлүгүн камсыз кылууну талап кылган.

Музей шартында окуучулардын патриоттуулугун калыптандыруу процессинде долбоорлоо методун колдонуунун мисалы катары «Эске тутуу музейи» долбоорун алсак болот.

Максаты – окуучуларды жарандык тарбиянын негизинде патриоттуулук, адеп-ахлак баалуулуктарга тартуу аркылуу ишке ашыруу.

Долбоордун милдеттери:

– өз шаарынын же айылынын тарыхы, Улуу Ата Мекендик согуштагы окуялар менен байланышкан материалдарды чогултуу жана жалпылоо;

– музейдин жалпы идеясы боюнча сайттарды түзүү;

– окуучуларды өз алдынча издөө, изилдөө, чыгармачылык ишке тартуу;

– муундар аралык байланыштарды бекемдөө, окуучулардын Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлери менен активдүү баарлашуусу үчүн шарттарды түзүү.

Долбоордун мазмуну. Долбоордун аталышында анын маңызын аныктаган эки негизги сөз бар. Алар – «Эс тутум» жана «музей». Э стутум –жарандык-патриоттук жактан инсандын өзүн өзү аңдап-билүүнүн милдеттүү шарты. Анын курамы болуп өз өлкөсүнүн тарыхын жакшы билүү жана ага карата сый болуп саналат.

«Музей» түшүнүгү маданият баалуулуктары менен байланышта болот. Музей идеясы – бул маданияттын, искусство чыгармасынын, тарыхый окуялардын, доор жашоосунун кандайдыр бир кубулуштарын түбөлүккө сактоо идеясы.

Натыйжада, «Эске тутуу музейи» долбоорунун идеясы жаранды жана патриотту тарбиялоодо түзүлгөн «билүү», «урматтоо», «сактоо» түшүнүктөрү менен байланыштуу болуп саналат.

Долбоордун маңызы Ата Мекен тарыхынын оор окуялуу жана баатырдык баракчаларына байланыштуу материалдарды чогултуудан, жалпылоодон, заманбап иштеп чыгуудан турат. Окуучуларга Улуу Ата Мекендик согуштун окуялары, анда жакындарынын жана кошуналарынын, районундагы жашоочуларынын катышуусу менен байланышкан материалдарды өз алдынча чогултуу сунушталат. Мындай материалдардын булактары үй-бүлөлүк архив, стационардык музейлердин экспозициялары, китептер, гезит-журналдык материалдар, видео жана аудио жазуулар боло алат.

Долбоордун гуманисттик багыты. Жогоруда айтылгандар менен бирге окуучулар үчүн тарых абстракттуу эмес, чыныгы адам тагдыры аркылуу берилгени маанилүү. Бул тарыхый-патриоттук мүнөздөгү баалуулуктарга тартууну гана эмес, ошондой эле боорукердик, ырайымдуулук, кайрымдуулук идеалдарына да тартууга түрткү берет. Кары-картаңдар үчүн заманбап социалдык-экономикалык шартта жашоо абдан эле оор. Алардын тагдырына жана өткөн күндөрүнө болгон кызыгуу, жаштардын алардын жашоолорундагы окуяларын эсте калтырууга, сактоого болгон умтулуусу позитивдүү сезимдердин булагы болуп, өлкөгө жана элдерге болгон өздүк барктуулугун сезет.

Заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен долбоорду ишке ашыруу төмөнкү себептер боюнча милдеттүү шарт болуп саналат:

– заманбап технологияларды өздөштүрүү окуучулар үчүн маанилүү болуп саналат. Бул долбоорго көп катышуучуларды тартууга мүмкүндүк берет;

– заманбап маалыматтык технологиялар долбоорду кыймылдуу, ачык (аудиовизуалдык материалдарды, анимацияларды, ж.б. колдонуу) кылууга мүмкүндүк берүү менен, материалдарды «жандуу» иштеп чыгууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет;

– сайттар баалуу билим берүү ресурстары боло алышат. Кеңири чөйрөдөгү адамдар тарабынан колдонулуп, Интернет ресурсун адептик-патриоттук, жарандык багыттагы материалдар менен байыта алат.

Долбоорду өнүктүрүүнүн келечеги ар түрдүү. Анткени, «Эске тутуу музейинин» «залдарынын» тематикасын аймактын, шаардын, айылдын тарыхы, так окуялар менен байланышкан материалдар менен толуктоого болот.

Натыйжада, илимий-теориялык жана эмпирикалык материалдардын анализи бизге төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет:

– биринчиден, музей шартында окуучулардын патриоттуулугун калыптандырууну долбоорлоо толук аныкталган максатка ээ. Окуучуга патриоттук багыттагы билимдер, ошондой эле билгичтик жана көндүмдөр комплексин калыптандырууга мүмкүндүк берген атайын окутуучу жана тарбиялоочу чөйрөнү түзүү;

– экинчиден, жогоруда айтылгандарды, ошондой эле музей шартында патриоттуулукту калыптандыруу процессин башкаруунун структурасын жана функциясын, берилген процессти долбоорлоонун логикасын жана аларды башкарууну эске алуу менен төмөндөгүдөй элестетүү максатка ылайыктуу:

1. Патриотизмди калыптандыруунун максаттарына диагностика коюу, б.а. патриоттук компетенттүүлүктүн калыптанышын өлчөөчү көрсөткүчтөрдө сүрөттөө.

2. Музей ишмердүүлүгүнүн мазмунун патриоттукту калыптандыруу боюнча негиздөө.

3. Патриоттуулукту калыптандыруунун процессуалдык тарабын музей каражаттары (музейдин өзүнүн каражаттары, методдору ж.б.) аркылуу иштеп чыгуу.
4. Музейдин патриоттук тарбия берүүнүн башка субъекттери менен педагогикалык өз ара аракеттешүүсүн уюштуруунун логикасын аныктоо.
5. Текшерүү процедураларын иштеп чыгуу, окуу-тарбиялык ишмердүүлүктү индивидуалдуу коррекциялоо ыкмаларын, өздөштүрүүнүн сапатын өлчөө ж.б.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Байгазиев С. Атуул жана Ата Журт. – Ф., 1990. – 169 б.
2. Безрукова В.С. Теория педагогической интеграции как методологическое знание // Интеграционные процессы в педагогической теории и практике. – Свердловск, 1991. – С. 5–13.
3. Гусев В.В., Маслова Н.Ф. Рабочая книга педагогического самообразования. – Орел: ВИПС, 1996. – 144 с.
4. Дахин А.Н. Педагогическое моделирование: сущность, эффективность и неопределенность» // Теория и практика образовательной технологии. – М.: НИИ школьных технологий, 2004. – С. 65–93.
5. Мамбетакунов Э. Педагогиканын негиздери – Б., 2002.– 148 б.
6. Ормонов Т.Идеи военно–патриотического воспитания в эпосе «Манас».– Ф.,1971.
7. Педагогика: Учебное пособие для студентов педагогических учебных заведений / В.А. Сластенин, И.Ф. Исаев, А.И. Мищенко, Е.Н. Шиянов. – М.: Школа-Пресс, 1997. – 512 с.
8. Селевко Г.К., Селевко А.Г. Социально-воспитательные технологии. –М.: Народное образование, 2002. – 176 с.
9. Филимонюк Л.А. Роль конструктивно-проектной деятельности в профессиональном становлении будущего педагога. – Ставрополь: Изд-во СГУ, 2002. – 172с.

УДК 376.
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-241-246

**Уразбаева А.**
И.Арабаев атындагы КМУ, аспирант
**Уразбаева А.**
КГУ им.И. Арабаева, аспирант
**Urazbayeva A.**
KSU I. Arabaeva, postgraduate student

# КАЗАКСТАНДА ИНКЛЮЗИВДИК ЧӨЙРӨДӨ БИЛИМ БЕРҮҮ ҮЧҮН ПЕДАГОГДОРДУ ДАЯРДООНУН РОЛУ ЖАНА МААНИСИ
# РОЛЬ И ЗНАЧЕНИЕ ПОДГОТОВКИ ПЕДАГОГОВ ДЛЯ ОБРАЗОВАНИЯ В УСЛОВИЯХ ИНКЛЮЗИВНОЙ СРЕДЫ В КАЗАХСТАНЕ
# ROLE AND SIGNIFICANCE OF TRAINING TEACHERS FOR EDUCATION IN AN INCLUSIVE ENVIRONMENT IN KAZAKHSTAN

**Аннотация:** Макала инклюзивдик чөйрөдө ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү үчүн мугалимдерди түзүү проблемасына арналган. Макалада мугалимдерди кесиптик даярдоонун, квалификациясын жогорулатуунун